«Бекитемин»
«РМУ»ББМнин ректору
к.м.и. Алымкулов М.Ч.
№____ «__» ______________ 20__ж.
«РМУ» ББМнин Окумуштуулар кеңешинин протоколу
№____01 « ____» ________20__ ж.

# ЖОБО
# «СТУДЕНТТЕРДИ КОТОРУУ, ОКУУДАН ЧЫГАРУУ ЖАНА КАЙРА КАЛЫБЫНА КЕЛТИРҮҮ ТАРТИБИ ЖӨНҮНДӨ»

Бишкек-2024

# 1. ЖАЛПЫ ЖОБОЛОР

Бул Жобо «Роэль Метрополитен университети» билим берүү мекемесинде студенттерди которуу, окуудан чыгаруу жана кайра калыбына келтирүү процедурасына карата жалпы талаптарды белгилейт. Жобо Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 29-майындагы №346 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын жогорку окуу жайларынын студенттерин которуу, окуудан чыгаруу жана кайра калыбына келтирүү тартиби жөнүндө жобонун негизинде иштелип чыккан.

# 2. БИР ЖОГОРКУ ОКУУ ЖАЙДАН БАШКАСЫНА КОТОРУУ ТАРТИБИ

Мамлекеттик аккредитациядан (аттестациядан) өткөн жогорку окуу жайлардын студенттерин которуу жайкы же кышкы каникул учурунда, студентти кызыктырган адистик/багыт боюнча тиешелүү курста бош орундар болгон учурда, окуу акысын толук компенсациялоо менен келишимдик негизде жүзөгө ашырылат. Студент которулуп жаткан курс жана окуунун формасы, негизги билим берүү программасынын түрү менен байланышкан чектөөлөрдү ЖОЖ койбойт. Студенттин мамлекеттик бюджеттин эсебинен окуусунун жалпы узактыгы кабыл алуучу ЖОЖдун окуу планында негизги билим берүү программасын өздөштүрүү үчүн белгиленген мөөнөттөн ашпоого тийиш.

Аккредитациядан өтпөгөн (аттестацияланбаган) жогорку окуу жайларында билим алып жаткан жарандарды аккредитацияланган ЖОЖдорго окуунун каалаган формасына которуу экстернат формасында аттестациядан өтүү укугу ишке ашырылгандан кийин жүргүзүлүшү мүмкүн, буга экстернат формасында окутууга жол берилбеген жогорку кесиптик билим берүүнүн адистиктери/багыттары кирбейт. Билим берүү уюму кайра уюштурулган,

жоюлган учурда студенттерди которуу ЖОЖ карамагында болгон уюштуруучу тарабынан Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги менен биргеликте камсыз кылынат.

Окуунун биринчи жана акыркы курсунда студенттерди которуу жүзөгө ашырылбайт. Акы төлөнүүчү негизде окуган студенттерди мамлекеттик бюджеттин эсебинен (гранттык) орундарга которуу жүзөгө ашырылбайт.

Студентти билим алуусун улантуу үчүн бир ЖОЖдон экинчи ЖОЖго которуу, анын ичинде окуунун бардык формалары боюнча бир негизги билим берүү программасынын адистигинен/багытынан экинчисине өтүү, ошондой эле аларды алмаштыруу менен бирге студенттин жеке арызы боюнча жүзөгө ашырылат. Арыз студентти аттестацияга киргизүү жөнүндө чечим кабыл алуу үчүн ректорго (проректорго) жөнөтүлөт. Арызга транскрипт (баалоо баракчасы) тиркелет (кийинчерээк академиялык маалымкат менен салыштырылат).

Студентти которуу аттестациянын негизинде жүзөгө ашырылат. Студентти аттестациялоо аттестациялык комиссия тарабынан транскрипттин (баалоо баракчасынын) ксерокопиясын кароо жолу менен өткөрүлөт. Аттестациялык комиссия окуу иштери боюнча проректордун (комиссиянын төрагасы), факультеттин деканынын/бүтүрүүчү кафедранын башчысынын/билим берүү программасынын жетекчисинин жана окуу бөлүмүнүн, студенттик кадрлар бөлүмүнүн (комиссиянын катчысынын) курамында түзүлөт. Аттестациялык комиссия студенттин арызын арыз берилген күндөн тартып 10 күндүн ичинде, бирок окуу сабактары башталгандан кечиктирбей карап чыгууга тийиш. Натыйжалуу ишти уюштуруу үчүн ЖОЖдогу аттестациялык комиссиялар тектеш адистиктер же багыттар боюнча түзүлүүгө тийиш.

Аттестациянын жыйынтыгы боюнча айрым дисциплиналар студентке кайра эсептелинип берилбей калганда же окуу пландарындагы айырмачылыктардан улам окулбаган дисциплиналар (дисциплиналардын бөлүмдөрү) аныкталганда, студент аларды тапшырууга, тагын айтканда, академиялык айырманы жоюуга тийиш. Бул үчүн кабыл алуучу ЖОЖ студенттин жеке окуу планын иштеп чыгып, бекитүүсү керек, анда окула турган дисциплиналардын (же алардын бөлүмдөрүнүн) тизмеси, алардын көлөмү жана сынактарды/зачетторду тапшыруунун белгиленген мөөнөттөрү каралууга тийиш. Академиялык айырма ушул академиялык жылдын ичинде жоюлушу керек.

Кредиттик окутуу технологиясын колдонгон ЖОЖдор үчүн академиялык айырма окулган дисциплиналардын аннотациясын берүү менен транскрипттин/баалоо баракчаларынын негизинде алынган кредиттерге (зачеттук бирдиктерге) ылайык белгиленет. Академиялык айырма кредиттер менен (зачеттук бирдиктер менен) аныкталат жана студенттин жеке окуу планына кошумча киргизилет.

Которуу учурунда жалпы гуманитардык жана социалдык-экономикалык дисциплиналар, анын ичинде милдеттүү базалык дисциплиналар, студент тарабынан окулган көлөмдө кайра эсептелет. Студентти башка ЖОЖго ал мурда окуган негизги билим берүү программасына же тектеш негизги билим берүү программасына которууда математикалык жана жалпы табигый-илимий дисциплиналар (мамлекеттик компонент) жана ЖОЖ тарабынан белгиленүүчү студенттин тандоосу боюнча бардык дисциплиналар да кайра эсептелет.

Студентти ал мурда окуган негизги билим берүү программасына же тектеш негизги билим берүү программасына которууда төмөнкүлөр академиялык айырма катары тапшырылууга тийиш:

- эгерде ал ЖОЖ дисциплиналардын көлөмүн өзгөртүүгө укуктуу болгон чектен (10%-20%) ашса, математикалык жана жалпы табигый-илимий, жалпы кесиптик жана атайын дисциплиналар боюнча тиешелүү мамлекеттик билим берүү стандартынын мамлекеттик компонентине тиешелүү бөлүгүндө адистиктердин/багыттардын окуу пландарындагы айырма;
- жалпы кесиптик жана атайын дисциплиналар боюнча тиешелүү мамлекеттик билим берүү стандартынын мамлекеттик компонентине тиешелүү бөлүгүндө адистиктердин/багыттардын окуу пландарындагы айырма.

Студентти тектеш эмес негизги билим берүү программасына которууда, кредиттик окутуу технологиясын колдонбогон ЖОЖдор үчүн тапшырылууга тийиш болгон (академиялык айырманы жоюу) дисциплиналардын тизмеси 7 дисциплинадан ашпоого тийиш. Кредиттик окутуу технологиясын колдонгон ЖОЖдор үчүн кайра тапшырылууга (академиялык айырманы жоюуга) тийиш болгон дисциплиналардын тизмеси эсептелген кредиттердин (зачеттук бирдиктердин) негизинде аныкталат, бул учурда кабыл алуучу ЖОЖ билим берүү программасынын мазмунуна (багыттын/адистиктин маалыматтык пакети) таянуу менен кредиттерди валидациялай/эсептей алат.

Аттестациянын жыйынтыгы боюнча аттестациялык комиссия отурумдун протоколун даярдайт. Которуу маселеси оң чечилген учурда (студенттин бекитилген жеке окуу планы болгондо) кабыл алуучу ЖОЖ студентке белгиленген үлгүдөгү маалымкат берет (3-тиркеме). Студент аталган маалымкатты өзү окуп жаткан жогорку окуу жайына которулуп жаткандыгына байланыштуу окуудан чыгаруу жана жеке ишинен академиялык маалымкатты

жана ЖОЖго кабыл алынган билим тууралуу документти берүү жөнүндө жазуу жүзүндөгү арызы менен бирге тапшырат.

Тапшырылган маалымкаттын жана studentтин арызынын негизинде, студент которулуп жаткан ЖОЖдун ректору арыз берилген күндөн тартып 10 күндүн ичинде аны окуудан чыгаруу жөнүндө буйрук чыгарат, анда: **«... ЖОЖго которулгандыгына байланыштуу окуудан чыгарылды»** деп жазылат. Студенттин жеке ишинен ал ЖОЖго кабыл алынган билим тууралуу документ (мындан ары — билим тууралуу документ) алынып, колуна берилет, ошондой эле белгиленген үлгүдөгү академиялык маалымкат жол-жоболоштурулуп берилет. Жеке иште билим тууралуу документтин күбөлөндүрүлгөн көчүрмөсү жана которулгандыгына байланыштуу окуудан чыгаруу жөнүндө буйруктан көчүрмө, ошондой эле студент тарабынан тапшырылган студенттик билет жана зачеттук китепче калат.

Студентти которулгандыгына байланыштуу университетке кабыл алуу жөнүндө буйрук ректор тарабынан анын жеке арызына тиркелүүчү билим тууралуу документ жана академиялык маалымкат алынгандан кийин чыгарылат (тиешелүү окуу бөлүмүнүн жетекчиси зачеттук китепченин/транскрипттин/баалоо баракчасынын көчүрмөлөрүн академиялык маалымкатка ылайык текшерет). Документтерди алганга чейин ЖОЖдун ректору өзүнүн буйругу менен студентти сабактарга киргизүүгө укуктуу. Кабыл алуу жөнүндө буйрукка: **«... ЖОЖдон которуу тартибинде, ... адистигине (багытына), ... курска, ... окуу формасына кабыл алынды»** деген жазуу киргизилет.

Эгерде аттестациянын жыйынтыгы боюнча академиялык айырманы жоюу зарылдыгы аныкталса, которуу жөнүндө буйрукта студенттин жеке окуу планын бекитүү тууралуу жазуу камтылууга тийиш. ЖОЖдо студенттин жаңы

жеке иши түзүлүп, эсепке коюлат, ага которуу жөнүндө арыз, академиялык маалымкат, билим тууралуу документ жана которуу тартибинде кабыл алуу жөнүндө буйруктан көчүрмө, ошондой эле окуу акысын толук компенсациялоо жөнүндө келишим киргизилет. Которулган студентке студенттик билет жана зачеттук китепче берилет. Академиялык маалымкаттан кайра эсептелген дисциплиналар (дисциплиналардын бөлүмдөрү), практикалар, курстук долбоорлор (жумуштар), ошондой эле академиялык айырманы жоюу жөнүндө жазуулар белгиленген тартипте студенттердин зачеттук китепчелерине/транскрипттерине жана башка эсепке алуу документтерине бааларды (зачетторду) коюу менен киргизилет.

## 3. ЖОЖДУН ИЧИНДЕ СТУДЕНТТЕРДИ КОТОРУУ ТАРТИБИ

Студенттин ЖОЖдун ичинде бир негизги билим берүү программасынан экинчисине өтүүсү (анын ичинде окуу формасын өзгөртүү менен) семестр аяктагандан кийин, студентти кызыктырган адистик боюнча тиешелүү курста бош орундар болгон учурда, ушул тартипке ылайык (бул Жобонун 16 жана 17-пункттарын кошпогондо) студенттин жеке арызы жана зачеттук китепчесин/транскриптин көрсөтүүсү боюнча жүзөгө ашырылат. Студент бир негизги билим берүү программасынан экинчисине өткөндө ЖОЖдун ректору төмөнкүдөй мазмундагы буйрук чыгарат: **«... адистиги (багыты) боюнча окуунун ... курсунан ... адистиги (багыты) боюнча ... курска жана окуу формасына которулду»**.

Өтүү жөнүндө буйрукта ошондой эле зарыл окуу материалын тапшыруу поюу боюнча студенттин жеке планын бекитүү жөнүндө атайын жазуу (академиялык айырманы жоюу) камтылышы мүмкүн. Буйруктан көчүрмө студенттин жеке ишине киргизилет. Студенттин студенттик билети жана зачеттук китепчеси/транскрипти сакталат, аларга ректордун (проректорго)

колу жана ЖОЖдун мөөрү менен күбөлөндүрүлгөн тиешелүү оңдоолор киргизилет, ошондой эле окуу пландарындагы айырманы тапшыруу жөнүндө жазуулар жазылат. ЖОЖ тарабынан студенттин жаңы жеке карточкасы тариздлет.

Эгерде студент уюм менен түзүлгөн келишим боюнча окуган болсо, анда аны которуудан мурун уюмдун макулдугу алынышы керек.

## 4. СТУДЕНТТЕРДИ ОКУУДАН ЧЫГАРУУ

Студент ЖОЖдон өз демилгеси боюнча ректордун буйругу менен, studentтин жеке арызынын негизинде (4-тиркеме) окуудан чыгарылышы мүмкүн:

- өз каалоосу боюнча (конкреттүү себептерин көрсөтпөстөн);
- башка ЖОЖго которулгандыгына байланыштуу;
- оорусуна байланыштуу (медициналык мекеменин маалымкатынын негизинде);
- үй-бүлөлүк шарттарга байланыштуу.

Администрациянын демилгеси боюнча окуудан чыгаруу ректордун буйругу менен, тиешелүү окуу бөлүмүнного жетекчисинин рапортунун негизинде (5-тиркеме) жүзөгө ашырылат:

- академикалык карызы үчүн;
- окуу тартибин бузгандыгы үчүн (окуу процессинин графигин аткарбоо, ЖОЖ менен байланышты үзүү, мөөнөтү аяктагандан кийин академиялык өргүүдөн чыкпоо);
- ички тартип эрежелерин, жатаканада жашоо эрежелерин бузгандыгы үчүн;

- мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестациядан өтпөгөндүгүнө байланыштуу;
- студент эркиндигинен ажыратууга же окуусун улантуу мүмкүнчүлүгүн жокко чыгарган башка жазага соттолгон соттун өкүмү мыйзамдуу күчүнө киргенден кийин укукка каршы аракеттерди жасагандыгы үчүн;
- окуу акысын төлөбөгөндүгүнө (чыгымдарды калыбына келтирбегендигине) байланыштуу.

Администрациянын демилгеси боюнча окуудан чыгарууда студентке окуудан чыгаруунун себептери жана мөөнөттөрү жөнүндө милдеттүү түрдө жазуу жүзүндө билдирилет. Студент окуудан чыгарылганда ага билим тууралуу документтин түп нускасы жана анын суроо-талабы боюнча белгиленген үлгүдөгү академиялык маалымкат берилет.

## 5. СТУДЕНТТЕРДИН КАТАРЫНА КАЙРА КАЛЫБЫНА КЕЛТИРҮҮ

Кайра калыбына келтирүү семестр аяктагандан кийин, студентти кызыктырган адистик/багыт боюнча тиешелүү курста орундар болгон учурда, студенттин жеке арызы (6-тиркеме) жана академиялык маалымкатты көрсөтүүсү боюнча жүзөгө ашырылат. Мурда ушул эле ЖОЖдон окуудан чыгарылган студенттерди кайра калыбына келтирүү мүмкүнчүлүгү студенттин окуу карточкасынын/транскриптинин негизинде каралат.

Арыз студентти аттестацияга киргизүү жөнүндө чечим кабыл алуу үчүн ректорго (проректорго) жөнөтүлөт. Аттестациялоо аттестациялык комиссия тарабынан академиялык маалымкатты кароо жолу менен өткөрүлөт. Курсту аныктоодо, окуу пландарындагы айырма 7 дисциплинадан ашпоого тийиш. Бул үчүн кабыл алуучу ЖОЖ студенттин жеке окуу планын иштеп чыгып, бекитүүсү керек, анда окула турган дисциплиналардын (же алардын

бөлүмдөрүнүн) тизмеси, алардын көлөмү жана сынактарды/зачетторду тапшыруунун белгиленген мөөнөттөрү каралууга тийиш. Академиялык айырма ушул академиялык жылдын ичинде жоюлушу керек.

Кредиттик окутуу технологиясын колдонгон ЖОЖдор үчүн академиялык айырма окулган дисциплиналардын аннотациясын берүү менен транскрипттин/баалоо баракчаларынын негизинде алынган кредиттерге ылайык белгиленет. Академиялык айырма кредиттер менен (зачеттук бирдиктер менен) аныкталат жана студенттин жеке окуу планына кошумча киргизилет.

Аттестациянын жыйынтыгы поюу боюнча аттестациялык комиссия отурумдун протоколун даярдайт. Кайра калыбына келтирүү маселеси оң чечилген учурда калыбына келтирүүгө байланыштуу окууга кабыл алуу жөнүндө буйрук чыгарылат.

Эгерде окуудан чыгарылганга чейин студент ЖОЖдо эки семестрден аз окуган болсо, анда ал окуусун улантуу үчүн кайра калыбына келтирилүү укугуна ээ эмес.

Тиешелүү окуу бөлүмү тарабынан студенттин жаңы жеке иши түзүлөт, ага кайра калыбына келтирүү жөнүндө арыз, академиялык маалымкат, билим тууралуу документ, калыбына келтирүү тартибинде окууга кабыл алуу жөнүндө буйруктан көчүрмө, жеке окуу планы киргизилет. Студентке студенттик билет жана зарыл болгон учурда зачеттук китепче берилет.

Мамлекеттик аккредитациясы жок бир ЖОЖдон окуудан чыгарылган студент ушул Жобого ылайык башка ЖОЖго кайра калыбына келтирилиши мүмкүн.